**УДК 821.512.154-313.1**

**АБДЫМОМУНОВА Г.А.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**Abdymomunova G. A.**
*KNU . J. Balasagyn*
*abdimomunova_gulja mish@mail.ru*

# МИДИН АЛЫБАЕВДИН САТИРАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МАЗМУНУ
## Содержание сатирических произведений М. Алыбаева
## Content satirical proizvdeniyah M. Alybaeva

***Аннотация:*** *макалада М.Алыбаевдин чыгармачылык жолун поэзияга арнады жана к□п кырдуу жана ар тараптуулугу менен айырмаланып турат. М.Алыбаев мыкты акын-сатирик катары таанымал. Ал бир нече аңгемелердин, очерктердин жана фельетондордун автору. Акындын сатирикалык чыгармаларын жайылтуу максатында илимий макала жазылды.*

***Аннотация:*** *творческая биография отличается многогранностью и разносторонностью, однако предпочтение в своем творчестве М.Алыбаев отдал поэзии.М. Алыбаев известен как один из лучших поэтов-сатириков. Он является автором ряда рассказов, сказок, очерков и фельетонов. Распространение сатирических произведений – цель нашей статьи.*

***Annotation:*** *Biography different multifaceted and diverse , but preference in his work M.Alybaev gave poetry . M. Alybaev known as one of the best poets - satirists.He is the author of several short stories, fairy tales , essays and humorous anecdotes . Rasprostronyaetsya satirical works of the purpose of our articles .*

***Негизги с□зд□р****: сатира; калемпир; бюрократ; чыгармалар; тамыры; командалык-административдик;*

***Ключевые слова:*** *сатира; перец; бюрократия; произведение; почва; командно-административный.*

**Keywords:**satire; pepper; the bureaucracy; the product; the soil; the command -and-contro.

Колуна калем алып жазгандын баары эле аты □чп□с болуп өмүр бою кыргыз адабиятында түб□лүктүү кала албайт. Адабият биринчи иретте талантты талап кылат. Супсак жазылган чыгармалар жансыз, маанисиз болуп, окурмандардын табитинен алыстап кетет. Адабияттын күчү соолбос булактай болуп адабият деңизине кошулуп, толкуп турат. Мына ушул адабият деңизинде толкуп турган Ала-Тоо элине кара аттын кашкасындай ашкере таанымал керемет акын Мидин Алыбаев – кыргыз совет адабиятынын жалпы хорунда кыраакы окурмандын кайсы гана категориясы болбосун баарына орток таасир эткен сыйкырдуу тил сөзү бар акын.

Мына ушул акындын сатирасын, лирикаларын мектептин окуучуларынын, жогорку окуу жайлардын жаш өзгөчөлүгүнө карата тандап
алып, күнүмдүк турмуштун көрүнүштөрүн, адамдагы туура эмес сапаттарды, жүрүш-туруштарды сатиранын тили менен баланын таза жүрүүгө жеткирип, тарбиялык маанисин колдонуу максатында, азыркы мезгилде адабий окуу программасына кеңири киргизүү биздин оюбузча ашыкча болбос эле.

М.Алыбаев алгачкы ырларын 30-жылдарда жарыялоо менен катар «Бактылуу жаштык», «Ырлар жыйнагы» жыйнактарын чыгаруу менен поэзиядагы кадамын ишенимдүү таштаган. Поэзиянын миң бир түркүн сырларын үйрөнүү менен изденүү түйшүгүн башынан кечирип, ыр жазуунун техникасын өздөштүрүүгө чоњ маани берген. Адабиятчылар адилет белгилеп кеткендей, Мидиндин 30-жылдардагы чыгармачылыгы ошол мезгилдин саясий-экономикалык, маданий өнүгүшүнө байланыштуу жеке инсандык жана чыгармачылык жактан калыптануу жана такшалуу мезгили болгон.

Мидин Алыбаевдин чыгармачылыгында сүйүү лирикасы өзгөчө орунда турат. Алардын көпчүлүгү кыргыз композиторлору жана обончулары тарабынан обонго салынып, профессионал ырчылар, ошондой эле карапайым катардагы угуучулар тарабынан театр сахналарында, оюн-зоок кечелеринде, чогулган топтордо аткарылып, жатка айтылып, көпчүлүгү элдик ырга айланып кеткендигинде, түбөлүк өмүр сүрүү укугуна ээ болуп эл арасында жашап жаткандыгында.

Мындай махабат ырлары Мидиндин лирикаларында бир топ эле арбын. Махабат темасында жазылган ырларынын бардыгы махабаттын миң түркүн сырын ачууга, анын өлчөмсүз бийиктигин баалай билүүгө чакырган ырлар.

Жыйынтыктап айтканда, Мидин Алыбаев өзүнүн кыска өмүрүндө көптөгөн чыгармаларын калтырды. Алар окурмандардын жүрөгүнөн түнөк таап, жылдар өтсө да өз маанисин жогото элек.

Мидинди Мидин кылып, аны башка акындардан айырмалап турган өзгөчөлүгү – анын чукугандай сөз тапкычтыгы, ыр саптарынын кыскалыгы. Ошол кыска саптардын нары жагында ташкындаган ойлорду ташка-тамга баскандай таамай айткан анын усталыгы, юмордуугун айтабыз. Бардык жакшы акындар сыяктуу эле Мидин да бардык көргөн жыргалы, тарткан азабы эли, доор менен тереӊ байланышкан. Ал ырында куру бекер «ураалай» берген эмес. Бирок анын ырларынын пафосу кабыргасынын эки эли болуп калгандай элдүүлүк менен партиялуулук болчу.

Мидин эмгегин бардык үнү менен жар салып ырдап, аларда чыккан айрым ачкөз, ак чүч, арамзаларды соолто сындап, абийрин аштай төккөн кужүрмөн сатирик. Анын «Ак чүч», «Бюрократ», «Кошоматчы» жана башка

ырлары аккол, ак чүчтөрдүн «апакай» алаканын ак бырсылдак кылып, ачыштырган чок болду да, төрө пейил арамзалар үчүн атылган ок болду. Акын андай арамза, бюрократ, ак колдорду «Мурду булутка тийип турган жеринен кармап келип, аларды бирде мыскылдап, бирде катуу жемеге алып, күлкүнүн фонунда күйдүргү сөздөр менен күлала, суук тумшук кылып сүрөттөп берди».

Акындын көзү өткөндөн кийин адабий мурас катары чыккан прозалык, драмалык чыгармаларынын жыйнактарынын деӊгээли күнү бүгүнкүдөй салмактуу. Акынга мүнөздүү сөз кадырын кылдат түшүнүү, сөздөрдү бири-бирине оттук таштардай урунуштуруп, жаӊы маани чыгарып алуу, башкысы – адабияттагы эң негизги курулуш материалы болгон ошол сөздөрдүн асыл баасын таасын сезип, нукура таланттардай аяр уруна билүү сыяктуу чыгармачылыктагы зарыл сапаттар дапдаана көрүнүп турат. Акын дүйнөдөн кайтыш болгондон бери ага арнап атактуу акындар Р.Шүкүрбеков, Б.Сарногоев, шакирти Ш.Садыбакасов чын дилдеринен чыккан ырларын жазып чыгышкан.

Күлкүнүн чыгышына турмуштагы окуялар, көрүнүштөр таасир берет. Ошону менен бирге ар бир доордун, ар бир учурдун күлкүсү башка. Себеби элдин оозунан чыккан күлкү да, сатириктин күлкүсү да коомдун тарыхый эрежелеринен келип чыгат. Замандын өзгөрүшү менен анын каармандарынын мүнөздөрү да өзгөрөт. Жаңы талап, жаңы максаттарга умтулат. Күлкү кээде жеӊил азилди, тамашаны билдирсе, кээде жек көрүүчү сезим туудурат. Кыргыз элинин башынан өткөн тарыхы сыяктуу анын күлкүсүнүн да узак жана даӊктуу жолу бар. «Эркин-Тоонун» бетинде алгач уюшулган «Чалкан» аттуу чакан бурч кулачын жайып олтуруп «Чалкан» аттуу сатиралык журналга айланды. Ошол кезде бул журнал партиябыздын идеологиялык жана чарбалык иштери боюнча жүргүзүп жаткан чаралары менен эриш-аркак жүрүп, кедерги болгондордун кыйыр-кыйшык иштерин эл ортосуна салып мыскылдап келди. Кайсы жерде коммунисттик моралга жат көрүнүштөр болсо, «Чалкан» ошо жерде жүрдү. Мына ошол жерде М.Алыбаев да журналдын коомчулугубуз алдында милдетин айтып, программалык ыр жазды:

Элиң кубанат чыкканыңа,
Кол чабышат ураалап.
Калемиӊ курч,
Калемпирлүү тилиңди,[1]

Ыр журналдын келечектеги максатын ачык айткан, социалисттик турмушубуздун таза жана бай болуусуна кедерги болгон өзүмчүлдөрдү, жалкоолорду, кошоматчыларды, моралдык жагынан туруксуздарды, аракечтерди дагы ушул сыяктуу түрлүү-түмөн илдеттерди арабыздан тазалап таштоолорун көздөгөн. 50-жылдары партиялык документтерде багыт берилгендей совет адабиятында сатира жанрын өнүктүрүүгө айрыкча кө□үл бөлүнгөн. Мына ушул шартта сатира жанрына М.Алыбаевдин поэзиясында кескин бурулуш болду да, анын чыгармачылыгында сатира жанры күчтүү өнүгүп кыргыз поэзиясында чоң салым катары кошулду. 1957-жылы жарык көргөн акындын «Ак чүч» аттуу сатиралык, лирикалык

ырлар жыйнагы өз учурунда адабий коомчулукка чоӊ окуя катары кабыл алынган.

Сатирик акын болуш чыгармачылыктын белгилүү бир мезгилинде эле пайда боло калчу кокустук көрүнүш эмес. Андай касиет баштатан эле акындын табиятынан орун алып, тереңде бугуп жатканда гана өзүнүн табигый күчүн көрсөтө алмак. Мидин Алыбаевдин талантында тубаса сатиралык, юмордук касиеттердин болгондугун анын замандаштары бир ооздон белгилешет. Мидиндин канында кайнап турган сатиралык көрөңгө анын «Чалкан» журналында иштеп жана чыгармаларын ошол журналга жарыялап турган жылдары аябай өрчүгөн.

Журналга чыккан «Осмоналы лөкүй», «Дүжүр бука» өңдүү кара сөз түрүндөгү фельетондору, «Ак чүч», «Бюрократ» өңдүү сатиралык ырлары турмуш - тиричиликте көп колдонуучу тамаша сөздөргө айланып кеткен.

[1] М.Алыбаев. Тандалган чыгармалар. – Фрунзе, 1977. 34-бет.

«Ак чүч» деген ырда акын кужурмөн, эмгекчил, коомдук иштерге активдүү катышкан советтик аялдардын арасында кездеше калчу кээ бир терс көрүнүштөрдү ашкерелеп, аябай катуу сынга алат. Ырынын башында акын аялдардын коомубузду гүлдөтүүдөгү ролун, чарбабыздын кайсы гана тармагын албайлы аялдар эркектер менен тең укукта кызмат кылып жатышкандыктарын айтып өтөт. Социалисттик түзүлүштө аялдар талантын, билимин ого бетер өөрчүтүп, коомго пайдалуу кишилерден болуп калганын көрсөтүлөт. Бирок ушундай бакытты пайдаланбай, жөнү жок эркелеп, эсирип кеткен аялдар бир экенин айтат.

«Рас,
Аялдар – биздин коомдо чоң күч.
Бирок,
Арасында (анда-санда) бар,
Ак кол,
Ак чүч…

Ырда айтылгандар жалпы эле аялдарга эмес, кээ бир гана «чоңдордун» аялдарынын кылык-жоруктарына мүнөздүү экенин эскертет. Өздөрү иштебесе да, күйөөлөрүнүн акчасына санап бүткүс кийимдерди кийгендигин, алардын кайдан келип жаткандыгына көңүл буруш пагандыгын баяндайт.

Пьеса жазуу жагынан
Лермонтов –
Тургеневге жакын.
– Сизге кайсы жагат? – деп сурасаң
Дароо жооп берет:
– Эњ жакшы экен,
Маяковский жазган роман!
Мына «Ак чүчтүн» билиминин деңгээли.

«Ак чүчтүн» ушул сүйлөп олтурганын окуучуга баяндоо менен барып турган сабатсыз, ушактан колу бошобой, күндүн кандай өткөнүн билбей калган аялды мыскылдап отурат. Мидин булардын жанын ачытуу үчүн атайын апыртма ыкмасын да колдонот. Антпесе, куру сөз менен кылык-жоруктарын айтып койгон болсо, «дүйнөнү сел алса кызыл ашыгынан келбейт» деген «ак чүчтөргө» сөз өтөт беле! Так ушул атайын апыртманы орду менен колдонгону үчүн аялдар Мидинди көрсө жыландай жыйрылышты. Мидин өзүнүн атынан, бүт окурмандын атынан, аны менен сырдаш болгон «күзгүгө» сүйлөштүрүү менен анын ким экендигин ашкерелейт:

«Аай, – деп айтар эле – Айнек,
Сен жатып ичер жан бакты.
Жеке эле мени тиктебей,
Карасањ боло элди, жерди.
Төмөн түшүрбө,
«советтик аял» деген ардакты

– деп анын айыбын бетке такылдатып адилет кеңеш айтуу менен жакшы жолго түшүүгө чакырат. «Ак чүч» ыры эринин «жоргосун» минип алып Нарында коон сатып жатат десе, ошол жакка минип барган «Ак чүчтөрдү» машинадан алып түшүп, катардагы мээнеткеч аялдардын катарына кошту. Адатта «ак чүч» аттуу сөз кыргызда чүчкүргөндөн кийин жооп кайтарып, же жакшы ниетин билдирүү үчүн айтылган сөз болуучу. Мына ушул сөздүн экинчи маанисин тапты. Мидиндин ак чүчүнөн кийин эле эл оозунда кадимки жүргөн бир маанилүү «ак чүч» эмес, эми эмгектен качып, жатып ичер жалкоо, эрке, жөнү жок жан бакты деген түшүнүк пайда болду. Кыскасы, Мидиндин сатиралык чыгармалары жаман салт-санаалуу кошоматчыларга, дөгүрсүгөн бюрократтарга, жатып ичер жанбактыларга, өзү айткан «хамелеондорго» таамай тийген ок болду.

«Мидиндин сатириктик өзгөчөлүгү – ал жазган аңгеме, ыр, же кабарына тема койбосун, сөзсүз экинчи бир жаңы маанини туйгузат».[1] Ошондой эле бүгүнкү күндө да жат көрүнүштөргө каршы күрөш жүргүзүүдө зор мааниге ээ болгон, өзүнүн актуалдуулугун алигиче жоготпогон чыгармаларга «Бюрократ», «Саадат кандидат», «Кошоматчы» жана башкалар кирет. Сатиранын аты эле айтып тургандай, алардагы терс каармандар да ар түрдүү, бири-бирине окшобойт. Алардын ар кимисинин өзүнчө психологиясы, кебетеси, өзгөчөлүгү бар. Мына ушул типтердин ар бири акындын сөздөрүнөн кынапталып өз орундарына коюлуу, жаанын жебесиндей курчтугу жана

[1] Укаев К. Ыр нөшөрү. – Фрунзе, 1982. 98-бет.

бутагы дал тийиши менен көз алдыга даана тартыла түшөт. Жогоруда белгилегендей, өзүнүн көркөмдүк кудурети менен далай ак чүчтөрдү күйөөсүнүн кызмат машинасына экинчи түшпөс кылган. «Ак чүчтөн» башка мурдатан бери эле сатиранын кароолунан түшпөй келаткан бюрократтар менен кошоматчылардын, жалган илимпоздордун коомго жат кылык-жоруктарынын, максат-аракеттеринин бетин ачып, элди алар менен аеосуз күрөшкө чыгууга шыктандырган «Кошоматчы», «Бюрократ», «Саадат – кандидат» сатиралары жеке гана Мидиндин эмес, жалпы эле кыргыз сатирасынын айдыңында көрүнүктүү орунда турушат. Мидиндин өзүнө гана таандык ачуу калемпир менен кара мурчка чыланган жогорудагы сатиралары учурубузда да актуалдуу чыгармалардын сабында, анткени командалык-административдик, сенектик мезгилде өзүлөрүнүн бийик чегине жетип, айыкпас ооруга айланган кошоматчылар, бюрократтар, жалган илимпоздор бүгүнкү күндө да кайра курууга кедерги болуп, коомдун алга жылышына бут тосуп жаткандыгын танууга болбойт. Ошондуктан алардын тамырын көркөм сөздүн – сатиранын күчү менен жулуп салууда Мидиндин өйдөдө аталган чыгармалары азыр да өтө зарыл болуп турат.

**Адабияттар**


1. Алыбаев М. Тандалган чыгармалар. – Фрунзе, 1977.
2. Алыбаев М. Ырлар жана поэмалар. – Бишкек, 1996.
3. Алыбаев М. Чыгармаларынын I томдугу. – Фрунзе, 1961.
4. Артыкбаев К. Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Фрунзе, 1982.
5. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Бишкек, 1991
6. Алыбаев М.Бактылуу жаштык: Ырлар жыйнагы. -Ф.: Кыргызмамбас,1937.58 б.
7. Алыбаев М. Ырлар жыйнагы. -Ф.: Кыргызмамбас, 1938. 58
8. АлыбаевМ. Акчүч.-Ф.:Кыргызмамбас,1957.122-б
9. Алыбаев М. Ырлар жыйнагы.-Ф.: Кыргызмамбас, 1947.
10. Алыбаев М. Жаңы ырлар. -Ф.: Кыргызмамбас, 1949.50-б.